# Бурана мунарасынын ээси



Автор: Аида Молдалиева

Сүрөтчү: Арууке Исакова

Которгон: Талгат Деркембаев

# Бурана мунарасынын ээси

Автор: Аида Молдалиева
Сүрөтчү: Арууке Исакова
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Бурана мунарасынын ээси"(кыргыз тилинде), автор Аида Молдалиева, сүрөтчү Арууке Исакова, которгон Талгат Деркембаев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Окуу жылы аяктап калган. Мектеп ичиндеги “Ким? Качан? Кайда?” деген оюнда 4-“А” класстын командасы жеңүүчү деп табылды.

Жеңүүчүлөрдү ачык асман астындагы Бурана мунарасына экскурсияга баруу менен сыйлашты.



Балдар Бурана мунарасына мугалими менен чогуу экскурсияга жөнөштү. Балдар, Бурана мунарасына кандай максат менен бара жатасыңар? Мунара тууралуу эмнени билесиңер? – деп сурады мугалим.

– Мен ал жерден сүрөткө түшөйүн дегем, – деди Алтынай.

– Бурана – Борбордук Азиядагы эң байыркы мунара экенин билем, – деп билдирди Нүргүл.

– Ушунча кол салуулардан кийин, мунаранын сакталып калганы мага кызык, – деп жооп берди Айбек.

– Ал жерде ханбийке жашаптыр. Ханбийке жүзүм менен бирге келген уу жөргөмүштүн чагып алуусунан кийин өлгөн экен. Балким ал жерде анын ээси бар болуп жүрбөсүн, – деп чочутту Болот.

– Сыналгыдан мунара Бүткүл дүйнөлүк мурастардын катарына киргендиги жөнүндө айтылган, – деп ой бөлүштү Мелис.

* Мунара деген мусулмандарга сыйынуу мезгили келди деп кабарберген

– Бурана – ачык асман алдындагы музей. Экскурсия музейдинкызматкеринин баяны менен башталды. Байыркы убактарда бул жерде ичер таза суусу, кол өнөрчүлөрдүн өнөрканасы, конок тосуучу мейманкана, базары бар, кербендер кирип-чыккан шаар пайда болгон.

Балким, мунара башында кароол чоку болгон да болушу мүмкүн. Ал жерден душмандардын кол салганы элге кабарланып турган. Түнкүсүн кербенчилерге ээн талаадан адашып калбаш үчүн, түнөк табуу үчүн от жагылган чыгар. Кээ бир тарыхчылар Бурананы Баласагын шаарынан калган деп эсептешет. Шаар Караханид мамлекетинин борбору болуп, мунара азан чакыруучу жайга айланган.



Андан кийин экскурсияны алып барган киши балдарды мунаранын үстүнө чыгуучу темир тепкичке ээрчитип келди.

Мунаранын ичи жарым-жартылай караңгы. Жарык ичине кичинекей терезелеринен жана төбөсүнөн гана тиет экен. Айбек жогору карай кыйынчылык менен чыгып баратты. Анткени бут коёр жери бийик, тепкич болсо өтө эле ичке жасалыптыр. Кыштан жасалган тепкичтерди арча жыгачы менен каптап коюшуптур. Үлбүлдөгөн жарыктын тийиши менен ал сары болуп көрүнөт экен. Айбек кээ бирде тамды колу менен кармаса, кээде өйдөкү кыштын кырына жармаша калып жатты.

Нургүл алдыда кетип бараткан.

– Айбек, тиги жерде мунаранын ээси жүрөт окшойт, – деп кыйкырып жиберди Нургүл.


– Кана, кайсы жерде? – деп балдар удургуй түшүштү.

– Менин артымда, бутуман кармап алды..

– Коркпо! Мен караңгыда колумду тепкичке коём деп сенин сары батинкеңди кармап алыптырмын, – деди Айбек күлүп.

Балдар каткырышып, бири-бирин чочутуп албайлы деп жыла башташты.

– Кызматка альпинизм боюнча чемпиондорду тандап алышканбы? – деп Болот наалып келе жатты.





Мунаранын үстүнкү аянтчасына чыкканда, гид аңгемесин андан ары улады:

– Бүгүнкү күндө мунаранын жарымы эле сакталып калган. Окумуштуулар мунаранын бийиктиги 40 метр болгон деп эсептешет. Беш кылым мурун болуп өткөн жер титирөө мунаранын үстүнкү бөлүгүн кыйратып салган. Жарым кылым мурда калыбына келтирген реставраторлор мунаранын калган бөлүгүн, тарыхчылардын жазып кеткендери боюнча, калыбына келтиришкен. – Элестет, эгерде мунараны толугу менен калыбына келтиргенде, мен үстүнө чыкканча жөрмөлөп калмак экенмин, – деп Болот шыбырады.

– Ким күнүнө беш жолу чыгып, түшө алам деп жатты эле? – деп Айбек да тийише кетти.

Балдар мунарадан түшүштү. Болот чөптүн арасынан төрт бурч кыш таап алды.

– Бул кыш мунарадан кулаган окшойт? Негедир бул кыш биздин үйдүн курулушундагы кыштай эмес, жеңилирээк экен, – деди Болот кышты колуна кармап.

– Мунара бышкан кыштан салынган. Бул кыштын курамын биз билбейбиз. Элдин айтымында, топурактын курамына жумуртка же май кошулушу мүмкун. Бирок окумуштуулар муну тастыкташкан жок. Тиги жерде саман кошулуп жасалган кыштан салынган үй турат. Ал үйдүн дубалы убакыттын өтүшү менен жайылып урап түшкөн. Ал чоң дөбөгө айланып калган, – деп экскурсовод эже түшүндүрдү.





Балдар чоң дөбөдөгү үйдүн ички тарабын карап чыгышты.

– Бул кайсы бир соодагердин чарбасы болгон экен. Үйдүн ылдый жагында азыктарын сактап, үстүңкү бөлүгүндө өзү жашаган көрүнөт. Бул жерди казганга чейин жергиликтүү жашоочулар дөбөнүн алдында алтын бар экенине ишенишкен. Аны ажыдаар кайтарат деп эсептешкен..

– Анан алтынды табыштыбы? – деп Болот тызылдап жиберди.

– Алтын тыйындарды табышкан. Бирок бул жерден эмес, – деди экскурсовод эже.

– Биз аларды көрсөк болобу? – деп балдар кызыга түшүштү.

– Эң кымбат табылгаларды борбордук музейге өткөрүп беришкен.

Бул сөздөрдөн кийин, балдар эмгек куралдарын – жаргылчак, үй тиреөчтөрдүн бөлүктөрүн, таш буюмдарды, жазуусу бар таштарды көңүл кош карап чыгышты. Бирок балдар кылыч, канжар, колодон жасалган жасалгаларды, экспозициядагы идиштерди көргөндө жандана түшүштү.

Музейди көрүп чыккандан кийин, гид балдардан суроо берүүсүн өтүндү.

– Сиз бул жердин ээсин көрдүңүз беле? Бир хан кызын мунарага жашырып койгон деген уламыш бар го... – деди алгачкылардан болуп Болот колун көтөрүп.

– Мындай окуя көптөгөн мунаралар боюнча айтылган. Археологдор шаарчанын аймагында белгилүү адамдардын сөөгү коюлган көрүстөндөрдү табышкан. Бирок окумуштуулардын жазууларынан көрүнчүлөр, жердин ээси бар экен дегенди окуган эмесмин, – деп жооп берди экскурсовод эже.



– Балдар кетүүгө камынганда, Мелис мунаранын сүрөтүнблокнотуна тартып алууга үлгүрдү. Эриккенден Болот тепкичтер менен мунаранын негизги бөлүгүнө чыкты. Ал дубалда илинип турган темир тактага жетем деп секире баштады.

– Балдар, бул жерде секиргенде, дубалда жаракалар пайда болушу мүмкүн. Анан кыналган кыштар да бузулат. Нымдан кээ бир бөлүктөрү акырындап урай баштайт. Анан силердин урпактарыңар эмнени көрүшөт?

– Пизан мунарасы сыяктуу жыгылган абалда көрүшөт, – деди Алтынай. Ал мунараны ар тарабынан сүрөткө тартып жүргөн. Кээ бир сүрөттөрдө мунара жантайыңкы абалда көрүнгөнү байкалат.

– Мунара жана Бурана шаарчасы адамдардын жапайы мамилесинен жабыр тартып калышы мүмкүн. Бул жердин дубалына наадандар жазып кетпеши, шаарчанын аймагына мал кайтарбашы үчүн тегерегин коруп коюу зарыл болуп калды, – деп экскурсовод эже кейип калды.

– Виртуалдык реалдуулук көз айнегин тагынып алып, 3Dформатта үстүнөн байкоо салганга шарт түзүлсө, кандай сонун болмок. Мына карасаңар – бул Арслан хандын ак сарайы, оң жагында – медресе, бул жер – базар, сол жагында – соодагердин үйү. Тигил жакта мончону карай тартылган суу түтүгү, – деп Болот маршрутту ойлоп таап жатты.

– Анда биздин жолубуз болгон экен. Биз мунаранын үстүнө чыгууга үлгүрдүк. Мен байыркы адамдар кармаган буюмдарга кол тийгизип көрдүм. Мага, жадагкалса, скотч менен ороп койгон сынык кумара да жакты. Балким, аны мен сыяктуу кыз көтөргөн чыгар, – деген Нургүлдүн сөзүн укканда Айбек таң калды.

– Сен болгону айнек витринага коюлган нерселерге эле кол тийгизип көрдүң, – деп Болот тактады.

Күзүндө сабакта  Алтынай, Нургул, Айбек, Болот жана Мелис барып көргөн тарыхый эстелик “Бурана мунарасы” тууралуу айтып беришти.

Балдар баяндама көрсөтмөлүү болушу үчүн музейдин моделин кагаздан жасап чыгышты. Алар Алтынай тарткан сүрөттөргө мунара менен шаарча тууралуу текстти чаптап коюшту. Андан соң Айбек мунаранын курулушу жана археологиялык казуулар тууралуу айтып берди. Акырында Болот эстеликти сактап калбасак, келечекте адамдар аны виртуалдуу гана көрүп каларын эскертип өттү.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Аида Молдалиева
Сүрөтчү: Арууке Исакова
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли